Акматова Чынара Асановнанын **«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата расмий оппоненттин

**ПИКИРИ**

Диссертациялык иш А.Ж.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасында аткарылган.

Илимий жетекчиси – Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор Момуналиев Сатканбай Момуналиевич.

Диссертациянын жалпы көлөмү – 161 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 180, таблицалар – 20, сүрөттөр – 2.

**Киришүү бөлүмүндө** салттуу түрдө изилдөөнүн актуалдуулугу тууралуу жалпы илимий-теориялык обзор берилген.

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Кыргыз адабиятындагы поэтикалык чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүктөрү, идеялары, темалары, айрыкча кыргыз акындарынын ырлары 20-кылымдын 20-30-жылдарынан баштап ата мекендик адабият таануучулар тарабынан изилденип келүүдө. Мектепте кыргыз адабиятын окутуу методикасынын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн алгачкы кадамдарынан тартып поэтикалык чыгармалар 1-класстан баштап кыргыз тили жана адабияты боюнча окуу китептерине киргизилген.

Ал эми мектептерде чыгармаларды окутууга арналган илимий-методикалык эмгектерди талдоо башталгыч кыргыз мектебиндеги «Адабий окуу» предметинде кыргыз адабияты боюнча заманбап мамлекеттик билим берүү стандарттарынын



... АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 122 «11» 04 2022 ж.

жана программаларынын талаптарына ылайык компетенттүү негизде ырларды окутуу көйгөйү дагы деле болсо актуалдуу деп айтууга негиз бар.

Диссертант 2-4-класстарда окутулуучу «Адабий окуу» предметиндеги балдар ырларына басым жасоо менен башталгыч класстардын окуучуларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу проблемасына токтолгон, ырларды компетенттүүлүккө багыттап үйрөтүүнүн мазмунун жана методикасын иштеп чыккан.

Ошондуктан поэтикалык чыгармаларды заманбап технологияларга ылайык компетенттүүлүккө негиздеп окутуу методикасын иштеп чыгуу муктаждыгы, алдыңкы педагогикалык иш-тажрыйбалардын жалпылаштырылбагандыгы, инсанга багытталган окутууга басым койгон илимий-методикалык изилдөөлөрдүн зарылдыгы да бул диссертациянын актуалдуулугун шарттайт.

Изденүүчү өз алдына мына ушундай зарыл болгон актуалдуу проблеманы койгон жана аны чечүүгө аракет жасаган.

Биринчи бап **«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориялык-методикалык проблемалары жана изилдениш тарыхына обзор»** деп аталат. Бул бапта диссертант КРдин Жогорку аттестациялоо комиссиясы талап кылгандай эле теориялык мүнөздө болуп, поэтикалык чыгармарлардын компетенттүүлүкө негиздеп окутуунун илимий-теориялык жактан изилдениши, ырлардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши жана усулдук эмгектерде изилдениши тууралуу пикирлерди анализдейт жана ага өз позициясын билдирет.

Диссертант адабият аркылуу, анын ичинде балдарга арналган ырлар аркылуу башталгыч класстын окуучулары төмөнкүлөрдү үйрөнөрүн да жеткиликтүү ачыктаган:

- көркөм адабияттын негизги өзгөчөлүктөрүн, балдар ырларынын табиятын өздөштүрөт;
- ыр (поэзия) формасындагы текст менен кара сөз (проза) формасындагы тексттин сырткы өзгөчөлүктөрүн андап билет;

•«адабий окуу курсунун жетектөөчү компоненти эмоциялуу-баалуулук мамилелеринин тажрыйбасы, дүйнөнү образдуу кабылдоо (И.К.Журавлев) болуп саналаса», окуучулар дал ушул дүйнөнү сөз өнөрү аркылуу образдуу кабылдоо иш билгилигинө ээ болууга аракет кылат;

•ыр жана анын мазмуну аркылуу балдар дүйнөнү, турмушту таанып билишет;

•ырдагы автордук позицияга карата өз оюн айтып, өз пикирин билдирүү компетенттүүлүгүнө ээ болот;

•балдар ырлары аркылуу өз турмушун, жанындагы жакын адамдарынын турмушун салыштырат;

•ырларды окуу аркылуу эмоционалдык сезимдери жогорулайт;

•балдар ырлары менен таанышууда окуучулардын эстетикалык табити кылыптанып, жогорулайт;

•ырларды үйрөнүү процессинде башталгыч класс окуучуларынын сөз байлыктары жогорулап, байланыштуу речь түзүү маданияты өсөт ж.б. *(Диссертациянын 16-17-беттеринде).*

Бул бапта диссертант компетенция, компетенттүүлүгүн түшүнүгүн да абдан кеңири анализге алып, бир топ окумуштуулардын пикирлерине таянып өзүнүн жеке тыянагын чыгара билген. «Адабий окуу» предметинде ырларды окутуунун жана анын изилденишинин тарыхына кеңири обзор жүргүзгөн.

Биринчи баптын 4-бөлүмүндө этномаданий компетенттүүлүктүн когнитивдик (таанымдык), көз караштык-дөөлөттүк жана жүрүм-турумдук компоненттери тууралуу да сөз кылып, алардын диссертациягы тиешелүүлүгүн кеңири анализге алган *(Диссертациянын 45-48-беттеринде).*

Жалпысынан, биринчи бап изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин аныктап алууга багытталгандыгы диссертацияга коюлган жалпы талаптарга ылайык келет.

Диссертациянын экинчи бабы: **«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталып

методология, методдор жөнүндө маалыматтар берилип, ырлардын окуу китептеринде берилген тематикалары талдоого алынган. Ырларды окутуудагы салттуу жана интерактивдүү методдорду пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталган.

Диссертант бул бапта адабий окуу аркылуу окуучулардын ээ болуучу компетенттүүлүктөрү жана ишмердүүлүктөрү калыптана турган төмөнкү эки этабын сунуштаган:

Биринчи этап:

- текстти так окуу компетенттүүлүгү;
- текстти туура окуу компетенттүүлүгү;
- текстти тиешелүү ылдамдыкта окуу компетенттүүлүгү;
- текстти түшүнүп окуу компетенттүүлүгү;
- текстти шар окуу компетенттүүлүгү;
- текстти үн кубултуп окуу компетенттүүлүгү;
- тексттеги жаңы сөздөрдү өздөштүрүү компетенттүүлүгү;
- тексттеги маалыматтарды кабыл алуу компетенттүүлүгү;
- текстти башка тексттер менен салыштырып талдоо компетенттүүлүгү .

Экинчи этап:

- текстти угуу иш билгилиги;
- тексттин мазмунун айтуу иш билгилиги;
- текстти талдоо иш билгилиги;
- тексттин негизинде оозеки сүйлөө иш билгилиги;
- тексттин негизинде жазуу иш билгилиги (Диссертациянын 58-бети);

Бул баптагы диссертанттын мыкты жетишкендиги катары башталгыч класстарда балдар ырларын окутуунун моделин түзүп, сунуштагандыгын да белгилөөгө болот *(Диссертациянын 81-бетинде)*

Диссертанттын дагы бир артыкчылыгы катары иштин апробациялык бөлүгү терең иштелгендигин белгилөөгө болот. Анын эксперименттери жана алардан алган натыйжалар да бизди ынандырат.

Диссертациянын үчүнчү бабы **«Адабий окуу» предметиндеги компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруу»** деп аталат. Диссертант бул бапта башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун ыкмалары жана жолдорун аныктап, өзү түзгөн 30 сабактын иштелмесинин айрымдарын талдоого алган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** кыргыз адабиятын окутууда башталгыч класстарда биринчи жолу «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы (салттуу жана инновациялык ыкмалардын, формалардын, методдордун жана каражаттардын комплекси) илимий психологиялык-педагогикалык технологиялардын жана методикалардын заманбап жетишкендиктерин эске алуу менен иштелип чыккандыгы жана педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө анын натыйжалуулугу аныкталгандыгы менен шартталат.

**Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

1. Диссертацияда адабияттаануу, педагогика илимдеринин методологиясына таянып орто мектептердин башталгыч класстарында “Адабий окуу” курсунда ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун зарылдыгы аныкталгандыгында.
2. Орто мектептин башталгыч класстарында “Адабий окуу” курсунда ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча технологиялар, практикалык сунуштар иштелип чыккандыгында.
3. Изденүүчүнүн теориялык ойлору, сунуштары педагогикалык экспериментте сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу:** Изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жыйынтыктар жана практикалык сунуштар орто мектептин “Адабий окуу” курсунда окутуунун мазмунун байытуу менен окуучулардын ырларды өздөштүрүүсү; поэтикалык чыгармалардын окуу программалары менен окуу китептеринде берилиши иреттелип, окутуунун технологияларынын иштелип чыккандыгы орто мектептердин мугалимдери үчүн практикалык жардам болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы** талапка жооп берет.

**Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары, жоболору** 16 илимий эмгектерде, анын ичинен 15 илимий макалаларда жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт.

**Автореферат** диссертациянын негизги мазмунун ачып берет, анда кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмеси туура, жеткиликтүү иштелген.

Акматова Чынара Асановнанын диссертациясы орто мектептин "Адабий окуу" курсунда ырдарды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу проблемасы боюнча кыргыз педагогика илиминде өз орду бар, толук бүткөрүлгөн жана өз алдынча аткарылган илимий изилдөө деп эсептеймин.

**Диссертациялык иште кездешкен айрым бир мүчүлүштүктөр жана биздин сунуштар** төмөнкүлөр менен байланыштуу:

1. Диссертацияда пайдаланылган адабияттардын тизмесиндеги айрым пайдаланылбаган адабияттарды кыскартып, ишке тиешеси барларды, колдонулгандарды гана калтыруу зарыл;

2. Ишин орфографиялык, пунктуациялык, стилистикалык сабаттуулугун жакшылап карап, жасалгасын ЖАКтын талабына ылайыкташтыруу зарыл.

Биз белгилеген кемчилдиктер жана сунуштар диссертациянын жалпы деңгээлине таасирин тийгизе албайт, биздин пикирлер сунуш үчүн гана айтылды.

**Жалпысынан,** Акматова Чынара Асановнанын **«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана анын негизинде жазылган автореферaты Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобосуна» ылайык актуалдуу темада жазылган, жеке өзү тарабынан аткарылган жана бүткөрүлгөн илимий иш болуп